
Кырг
83.8
К 61

# Apple компаниясынын негиздөөчүсү



# СТИВ ЖОБСТОН

## эмне үйрөнө алам?

китепстан

Кырг
83.8
К 61

Apple компаниясынын
негиздөөчүсү

# СТИВ ЖОБСТОН

эмне үйрөнө алам?

Фредрик Колтиң жана Мелисса Медина
Сүрөтчү – Нацуко Йонеяма

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 362826


китепстан

# КЕЛ, СТИВ ЖОБС МЕНЕН ТААНЫШАЛЫ


Ал америкалык бизнесмен, ойлоп табуучу жана өндүрүш дизайнери болгон. Ал I тамгасы менен башталган iPhone, iPad, iPod, iTunes, iMac'ты чыгарган Apple компьютер компаниясынын негиздөөчүсү!


Ал Pixar анимациялык студиясын да түптөп, Toy Story, Cars, Finding Nemo, and Inside Out сыяктуу күлкүлүү мультфильмдерди чыгарган.

- Ох-оо! Стив чыныгы гений болгон окшойт!
- Ооба, албетте! Бирок ал сага окшогон көптөгөн акылдуу кишилерден да жардам алган.



**Стив Жобс** өзүнүн Apple компаниясы аркылуу миллиондогон адамдардын жашоосун өзгөрттү. Ал **ГЕНИЙ, ШЫКТАНДЫРУУЧУ, МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН ЛЕГЕНДАСЫ** жана компьютер дүйнөсүндөгү эң таасирдүү киши.






Технологияда кандай ИРИ өзгөрүүлөр болорун алдын ала биле алгандыктан, Стивди **ТЕХНОЛОГИЯДАГЫ КӨЗҮ АЧЫК** десек болот. Ал мындан тышкары, бизнес стартаптарын мыкты ишке ашырган чыгаан ишкер болгон. Fortune журналы аны **"ЗАМАНЫБЫЗДЫН УЛУУ ИШКЕРИ"** деп атаган. Алар андан башка эч кимди минтип аташкан эмес!



# АНДА СӨЗ БАШЫНАН БОЛСУН...


Стив 1955-жылы 24-февралда Калифорниядагы Сан-Франциско шаарында туулган. Анын ата-энеси жаш болгондуктан, аны бага албайбыз деп ойлошкон. Кудай жалгап Стивди Моунтин-Вью аймагында жашаган жубайлар Паул менен Клара Жобстор багып алышат. Бала кезинде Стив гаражда атасына жардам берип, чогуу иштегенди абдан жактырчу.




Стив акылдуу бала болгон. Бирок ал мектепке барганды жактырчу эмес. Ал жалгыз жүргөндүктөн классташтары аны шылдыңдашкан. Анын ата-энеси Стивге оор болуп жатканын сезип, мыкты мектеп жайгашкан Лос-Альтос шаарына көчүшөт. Ушул окуядан кийин анын жашоосу жакшы нукка өзгөрөт.




Бир күнү Стивдин электроника боюнча долбооруна тетик керек болот. Ал Hewlett Packard компаниясынын кожоюнуна чалып жардам сурайт. Натыйжада ал тетик менен бирге жайында заводдо иштөө мүмкүнчүлүгүн да алат. Бул 12 жашар Стив үчүн абдан сонун кадам эле.



Hewlett Packard'да иштеп жүргөндө 18 жаштагы Стив Возняк аттуу жигит менен дос болуп калат. Аны "Воз" деп коюшчу. Воз компьютердин генийи эле. Эки Стив болочокто компьютерде төңкөрүш жасашарын ал кезде ойлогон да эмес!




Стив жогорку класста окуп жүргөндө искусство, музыка жана адабиятка абдан кызыкчу. Ал чачын өстүрүп, бут кийим кийбей жылаңайлак жүргөндү жактырчу. Классташтары аны:


"ЖАРЫМ БОТАНИК,




ЖАРЫМ ХИППИ" дешкен.

Көпчүлүк аны кызыктай киши катары караган. Бирок ал эч бир өзгөчөлөнгөн топко кошулуп кеткен эмес.






Мектепти бүткөндөн кийин Орегондогу Рид коллежинде бир аз окуган. Окуу акысы кымбат болгондуктан, ата-энесинин төлөй албасын билип, окууну таштап салган. Ал коллежде окубаса да, өз алдынча билим алууну такыр токтоткон эмес!

Стив 1973-жылы видео оюндар компаниясы Атариге ишке кирет. Бул жакшы жумуш болчу. Бирок Стив мындан да көбүрөөк нерсе жасоону көздөгөн.




Ал жашоонун маңызына жана жан дүйнөсүн байытууга да кызыккан. Натыйжада жумушунан тыныгуу алып, Индияга барат. Руханий азыктануу жана медитация үчүн Индияда жети ай жашаган.

Стив Индиядан кайткандан кийин деле эмне кыларын билбей жүргөн. Ал жадагалса буддист монах болуусуну да ойлойт. Акыры Атари компаниясына кайтып келип, досу Возняк менен көп убакыт чогуу өткөргөн. Ошол мезгилде Воз жаңы компьютер ойлоп тапкан. Буга чейин Стив мындайды көрбөгөнү үчүн абдан таасирленип, “Биз буларды сатышыбыз керек!” деген.

Ошентип 1976-жылы Стивдин Лос-Альтостогу үйүнүн гаражында



**APPLE КОМПЬЮТЕР КОМПАНИЯСЫН**

**НЕГИЗДЕШКЕН.**

Возняк компьютердин ички түзүлүшүн жасаган. Ал эми Стивдин дизайнерлик таланты Apple компьютерлеринин корпусуна уникалдуу көрк берген.



Стив чыныгы көрөгөч болгон жана

КОМПЬЮТЕРЛЕР ЭЛДИН ТУРМУШУН КАНДАЙ ӨЗГӨРТӨРҮ ТУУРАЛУУ

эргүү менен айтып берчү.


РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36282

Стив башынан эле “Apple – катардагы эл үчүн компьютер жасайт” деп так белгилеген. Алардын алгачкы компьютерлери бизнес үчүн гана эмес, АР БИР АДАМ ҮЧҮН жасалган! Алар колдонуучуларга ыңгайлуу болушу үчүн экрандын размерин чоңойтуп, графиканы жакшыртып, жаңы технологияны колдонушкан.

Стив жасаган ишиң маанилүү гана болбостон, жагымдуу маанай да тартуулаш керек дегенге ишенген. Стив Apple'дын инженерлеринен сүрөтчүдөй ойлонууну талап кылчу. Алардан шедеврлерди күткөн.

Кыска убакыттын ичинде Apple ири жана эң ийгиликтүү компанияга айланды. Түптөлгөндөн беш жыл өтпөй же 1983-жылы

**APPLE ТАРЫХТАГЫ ЭҢ ТЕЗ ӨСКӨН КОМПАНИЯ ДЕП АТАЛЫП, СТИВ ЖОБС АТАКТУУЛУККА ЖЕТКЕН.**






Стив 1 000 000$ тапкан кезде болгону 23тө болчу. 24 жашында 10 000 000$, 25 жашында 100 000 000$ капиталга ээ болуп, Америкадагы эң жаш байлардын катарына кирген. Ал бул акчанын баарын өз эмгеги менен тапкан. Себеби анын ата-энеси бай болгон эмес.

1984-жылы Стивдин командасы Macintosh компьютерин жасап чыккан. Баары Macintosh'тун чоң ийгилик алып келерин күткөн. Бирок башка компаниялар Mac'тын көчүрмөсүн чыгарып, арзан сата башташат. Стив абдан капаланган. Ал мезгилде Apple ири корпорацияга айланган. Директорлор кеңешинин бизнести өнүктүрүү боюнча башка пландары бар эле.




Ушундан улам директорлор кеңеши Стивди компаниянын жетекчилигинен четтетет. Натыйжада Стив өзүнүн гаражында түптөгөн Apple компаниясынан кетет. Стив менен кошо Возниак да компаниядан кетет.

# БИРОК СТИВ ИШ УШУНУ МЕНЕН ЭЛЕ БҮТҮП КАЛБАШЫН ЖАКШЫ БИЛЧҮ.



Анын башында толтура идея бар болчу. Ал башын мыкчып отуруп калган жок. Ал көп өтпөй NeXT деген компанияны негиздеп, мурункудан дагы сапаттуу компьютерлерди чыгара баштады. Айтмакчы, дал ушул NeXT компьютеринде интернетти ойлоп табышкан. Стив бул компьютерлер үчүн кара куб формасындагы дизайнды ойлоп тапкан.




Эгер сен Стивдей новатор ишкер болгуң келсе, өзүңдү ар түрдүү тармакта сынап көр.

1986-жылы Стив Жорж Лукастын (Star Warsтын негиздөөчүсү) компаниясынан чоң потенциал көрөт. Себеби алар компьютердик анимациянын жаңы түрүн ойлоп табышкан. Стивге бул идея абдан жагат. Ал компанияны сатып алып, аталышын Pixar деп өзгөрткөн.




Стив Pixar'дын башкы аниматору Жон Лассетер менен анимация дүйнөсүн өзгөртө аларына ишенген. Ал Дисней компаниясын Pixar'дын үч мультфильмин каржылоого көндүргөн. Булар толугу менен компьютерде тартылган эң алгачкы тасма болгон. Ошентип Стив дагы бир жолу тобокелге барып, тарыхта калды!

Бирок анимациялык фильм тартуу көп убакыт алган. Стив Pixar студиясынын эң алгачкы толук метраждуу мультфильмин 1995-жылга чейин күттү. Анткени менен анын акыбети кайтып, Toy story ("Оюнчуктар окуясы") мультфильми эң популярдуу тасмага айланды. Андан кийин Pixar ондогон (анын ичинде Monsters Inc., Finding Nemo, and Cars) хиттерди тартты.

1997-жылы өтө кызык окуя болду. Apple'дын иши жакшы жүрүшпөй, жаңы идеяларга муктаж болуп турган. Ал эми Стивде идея толтура болчу. Натыйжада Apple NeXT'ти сатып алып, Стивди Apple'дын башкы директору кылышты.

Стив бир ишти эч качан эски тажатма жолу менен улантканды жактырчу эмес. Ал Apple'ды кайрадан башкарууга келгенде элди шыктандыргысы келип, бүткүл дүйнөгө:







# БААРЫ i!

Стив компьютер дүйнөсүн өзгөрткөндөй, музыка дүйнөсүн да өзгөрткүсү келген. Ал iTunes жана iPod музыкалык плеерлерин ойлоп тапты. Аны менен эл каалаган жеринде музыка уга баштады. Ошентип ал “Кайда болсоң музыка” феноменин жаратты. Ал эми 2007-жылы Стив элдин жашоосун өзгөрткөн iPhone’ду ойлоп тапкан. Бул дагы технология дүйнөсүндөгү өтө маанилүү окуя болуп калды.

Тилекке каршы, Стив 2011-жылы рак оорусунан көз жумган. iPhone, iPod, Apple компьютерин кармаган ар бир киши Стив Жобсту заманыбыздын улуу новатору катары эстейт. Стив жакын туугандарынын жанында эң акыркы сөзүн минтип айтты:

## "АП БАЛИ! АП БАЛИ! АП БАЛИ!"


Стив дайыма кызыктуу нерселерди издеп жүрчү. Өмүрүнүн акыркы мүнөттөрүндө да өзү таң калган бир нерсе тапкандай сезим калтырып кетти.





“МҮРЗӨДӨ ЭҢ БАЙ КИШИ КАТАРЫ ЖАТУУ МЕН ҮЧҮН МААНИЛҮҮ ЭМЕС. МЕН ҮЧҮН “ЭҢ СОНУН ИШ КЫЛДЫК!” ДЕГЕН СӨЗ МЕНЕН УЙКУГА КЕТҮҮ МААНИЛҮҮ”

**Стив Жобс**



# СТИВДИН ЖАШОО

Стив Жобстун жашоосу тууралуу позитивдүү фактыларды тизмектейли.

1

## СТИВ БИЗДИ БИРИКТИРДИ

Анын ойлоп тапкандары элдин жашоосун өзгөрттү. Алар баарыбызды бириктирди. Бүткүл дүйнө боюнча идея алмашууну жеңилдетти. Стив байланышты жөнөкөйлөштүрдү.

2

## СТИВ БИЗГЕ СОНУН ДИЗАЙНДЫ БЕЛЕК КЫЛДЫ

Ал бардык нерсени кооз кылса боло турганын көрсөттү. Ал тургай компьютерлерди да! Алардын эмне иш кыла аларынан тышкары, көрүнүшү да маанилүү.



# …СУНАН ӨРНӨКТӨР!

3

## СТИВ БИЗДИ ШЫКТАНДЫРДЫ

Ал жөн гана акча табууну көздөгөн эмес. Ал элди кубандырган, алардын жашоосун жеңилдетүүгө умтулган.

## АЛ БИЗГЕ ИШЕНИЧ ТАРТУУЛАДЫ

4

Ал жашоодо ийгиликке жетүүнүн миллион жолу бар экенин көрсөттү. Башкаларды тууроого мажбур эмессиң. Стив тажрыйба жасап көрүүдөн коркпогон “жинди кишилерди” жактырчу.

# КАНТИП СТИВ ЖОБСТОЙ МЫКТЫ ИНСАН БОЛО АЛАМ?

Биринчиден, өзүң кандай болсоң дайыма ошондой бол. Анткени сен ансыз деле мыкты инсансың! Бирок тажрыйбалуу кишилерден үлгү алуу да эң сонун!



## КӨЗДӨГӨНҮҢӨН БАШ ТАРТПА!

Дайыма эле баары ойдогудай боло бербейт. Кээде эч бир айла таппай калган учурлар да болот. Бирок, качан болбосун баштаган ишти таштабай улантуу колдон келет. Стив: "Ийгиликтүү ишкерлердин ийгиликсиздерден негизги айырмасы – алардын өжөрлүгүндө!" деп айткан. Андыктан көздөгөнүңөн баш тартпа. Бир жолу болбой калса, башка бир жол менен жасап көрө бер.

## КЫЯЛДАН!

Кыялкечтер өзгөрткүсү келген нерселерди ойлонушат. Алар калыптанып калган стандарттан тышкары чыга алышат. Кимдир бирөө сенин кыялыңды түшүнбөшү мүмкүн, ага такыр капа болбо! Билип кой, Стив абдан кыялкеч болгон. Ар бир улуу идея кыялдан башталарын түшүнгөн.

## ЖАРДАМ СУРАГАНДАН ТАРТЫНБА!

Бир жолу Стив интервьюда: "Мен жардам сураганымда баш тарткан эч кимди жолуктурган жокмун. Көпчүлүк кишилер жардам сурашпайт. Жөн эле кыялданып жүрө бергендер менен бир нерсе жасагандарды ушул сапат бөлүп турат" деп айткан. Кызыгуу, жардам сурай билүү – сени жашоодо бийиктерге чыгарат.

УДК 82/821-93
ББК 83.84
Ф 86

What I Can Learn From The Incredible and Fantastic Life of Steve Jobs Published
Copyright © 2017 Moppet Books

Фредрик Колтиң жана Мелисса Медина
Стив Жобстон эмне үйрөнө алам? Которгон: Асылбек Жоодонбеков,
Бишкек-2023. – 32 б. Сүрөтчү – Нацуко Йонеяма

ISBN: 978-9967-00-0-53-7

Стив Жобс – атактуу Apple компаниясынын негиздөөчүсү. Бул кыялкеч адам ишкерликте да, маданият жаатында да өрнөк инсанга айланды. Колуңуздагы бул сүрөттүү китеп анын өмүр жолун баяндап, кийинки муунга өздөрүнүн чыгармачылыгы жана талбас эмгеги менен дүйнөнү өзгөртө алат деген ишеним тартуулайт. Китеп 6+ жаштагы окурмандарга арналат.

«Китепстан» басма үйүнүн директору: Бакытбек Абдуллаев
Редактор: Насыпбек Асанбаев
Корректор: Жетиген Асанбек
Верстка: Сыргакбек Абдырасов

Бардык укуктар корголгон. Анын ичинде басма үйүнүн жазуу жүзүндөгү уруксатысыз толук же жарым-жартылай кайра чыгарууга уруксат берилбейт.

ISBN: 978-9967-00-0-53-7
УДК 82/821-93
ББК 83.84
© «Китепстан» басма үйү, 2023

154с

РБДЮ

36282 б/ф

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Авторлор: Фредрик Колтиң
Мелисса Медина
Сүрөтчү: Нацуко Йонеяма

«Китепстан» басма үйүнүн директору:
Бакытбек Абдуллаев
Которгон: Асылбек Жоодонбеков
Редактор: Насыпбек Асанбаев
Корректор: Жетиген Асанбек
Верстка: Сыргакбек Абдырасов

«Global Print»
басмаканасында басылды.
Нускасы: 6378 даана

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**

9 789967 000537